УДК:321.01(575.2)(04)

**Максутова С.К.**
*Филология илимдеринин кандидаты*
**Максутова С.К.**
*Кандидат филологических наук*
**Maksutova S.K.**
*Candidate of Philological Sciences*

## 1924-1927-ЖЫЛДАРЫ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТҮ ТҮПТӨӨДӨ "ЭРКИН ТОО" ГЕЗИТИНИН ОРДУ

## РОЛЬ ГАЗЕТЫ "ЭРКИН ТОО" В СТАНОВЛЕНИИ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ В 1924-1927 ГОДАХ

## THE ROLE OF THE NEWSPAPER "*ERKIN TOO*" IN THE FORMATION OF STATEHOOD IN 1924–1927

**Аннотация.** Макалада "Эркин Тоо" гезити чыккан 1924-жылы Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлүшү, 1926-жылы Кыргыз автономиялуу республикага айланышы, ошол учурдагы интеллигенттердин жүргүзгөн иштери, 1927-жылга чейин мамлекеттүүлүктү түптөө жылдарында жүргүзүлгөн тарыхый окуялар, алардын гезит бетинде жазылышы, жаңы заманды кабыл албаган айрым адамдардын кабарчыларды ур-токмокко алгандан улам алардын псевдоним менен жазуулары, "Интергельпонун" келиши, билимге умтулуу, аялдардын укугу жөнүндө маалыматтар камтылган.

**Түйүндүү сөздөр:** Откбярь революциясы, автономиялуу республика, интергельпо, үгүт-насият, устакана, аялдардын укугу, кооператив.

**Аннотация.** В статье рассматриваются события, связанные с выходом газеты «Эркин Тоо» в 1924 году, образованием Кыргызской автономной области, преобразованием её в 1926 году в автономную республику, деятельностью интеллигенции того времени, историческими событиями, происходившими до 1927 года в процессе становления государственности и их освещением на страницах газеты. Также упоминается, как некоторые люди, не принявшие новую эпоху, нападали на корреспондентов, из-за чего те были вынуждены писать под псевдонимами. Освещается прибытие Интергельпо, стремление к образованию, вопросы прав женщин.

**Ключевые слова:** Октябрьская революция, автономная республика, Интергельпо, агитация и пропаганда, мастерская, права женщин, кооператив.

**Annotation.** The article examines events related to the publication of the newspaper Erkin Too in 1924, the formation of the Kyrgyz Autonomous Region, its transformation into an autonomous republic in 1926, the activities of the intelligentsia of that time, and the historical developments up to 1927 during the process of state formation as reflected in the newspaper's pages. It also mentions how some individuals who rejected the new era attacked correspondents, forcing them to write under pseudonyms. The article highlights the arrival of Intergelpo, the pursuit of education, and issues concerning women's rights.

**Keywords:** October Revolution, autonomous republic, Intergelpo, agitation and propaganda, workshop, women's rights, cooperative.

“Эркин Тоо” гезитинин биринчи номуру 1924-жылдын 7-ноябрындагы саны араб тамгасында Ташкент шаарында басылып чыккандан кийин 2-саны 25-ноябрда, 3-саны 10-декабрда басылып, 1924-жылы үч гана жолу чыккан. “Эркин Тоонун” биринчи санын чыгаргандар Кыргыз обкомунун бюросу бекиткен жобонун негизинде ишкешкен, жетекчиликке алып, талаптарын аткарышкан. Ал жободо мындай деп жазылат: “”Эркин Тоо” газетасы РКП(б) обкомдун, областтык революциялык комитеттин, ОСПСтин (профсоюз), “Кошчу” союзунун областтык комитетинин жана РЛКСМ Кара-Кыргыз обкомунун расмий органы болуп саналат...”

Ташкентте “Эркин Тоонун” алты саны жарык көрсө, жетинчи саны жаңы борбор Пишпекте басылган.

Гезиттин биринчи эле санына “Эл жа-на сарамжал” деген материал басылып, Кара-Кыргыз облусунда канча калк жашай тургана жөнүндө өкмөттүк маалымат берилген.

Областтын бардык калкы – 790,122 киши
Анын ичинен: кыргыз – 504,858
өзбек – 118,170
орус – 113,123
тажик – 1083 ж.б.

булардан кийин түрк, уйгур, татар, дунган, түркмөн, сарт калмак, кыпчак, казак улуттардын бир тобу жашай тургандыгы көрсөтүлгөн.

Ошол учурда жерди бөлгөндө Кыргызстандын чек арадагы ээлеген аянты 195800 чарчы чакырым деп көрсөтүлгөн.

1916-жылдагы кандуу Үркүндө улуттун жарымына жакыны кырылган. Аз калган тоолук элибиздин эсеп-чотун алуу кыйынчылык туудурган эмес.

“Эркин Тоонун” № 1 санына “Эриктүү (Афтономийа) кыргыз облусу” макаласы жарыяланган. Анда кыргыз элинин тарыхы, гундар, Чыңгыз хан чапкыны, Кокон хандыгы, орус оторчулук саясаты тууралуу кеңири сөз болгон.

“Эркин Тоонун” № 1 санына Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун жетекчилеринин бири Жусуп Абдрахмановдун маеги басылган. Бул кыргыз журналистикасындагы биринчи интервью катары да бааланууда. Маекте Жусуп Абдрахманов кайсы облус кайсы республикага карайт, чек ара кандай бөлүнөт, Орто Азиядагы республикалардын борбору кайда болот, Ташкендеги мал зоотунун талаш маселеси өңдүү маалыматтарды берген.

“Эркин Тоонун” 2-3-сандарында калктын сабатсыздыгы менен күрөшүү, кыз-келиндердин тең укуктуулугу, аларды окууга тартуу маселелери көтөрүлгөн. Б.Калык уулу дегендин макаласы жарыяланып, ал “кыздарды эрте жаштан күйөөгө берүү, аларды окуудан калтырып сабатсыз кылуу улана берсе тең укуктуу коом курулбай калаарын” айткан.

1924-жылы РСФСР курамында Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөн. 1926-жылы Кыргыз автономиялуу областы автономиялуу республикага айланган. Бул тууралуу “Эркин Тоо” гезити 1926-жылдын 23-ноябрындагы санына жүрөк сүйүнткөн маалыматты мындайча берген:

“...Москвадан облустук партия комитетинин наамына кече күнү мындай телгирем келди: Жалпысоюздук Аткаруу Комитетинин 3-кең жыйылышы биздин Кыргызстан тууралуу баяндаманы уккандан кийин эриктүү кыргыз облусу эриктүү Кыргыз автономиялуу республикасына айландырылсын деген өтүнүчтү кабыл алды...”

1925-жылы Кыргыз обкомунун үгүтнасыят бөлүмүн Төрөкул Айтматов башкарып турган. Өзүнүн кызматы боюнча маданият, билим берүү, басма сөз жана китеп чыгаруу ишин эң жакшы билип, материалдарын гезит бетине чагылдырып турган. “Эркин Тоонун” 1925-жылдын 21-ноябрындагы санына Кыргыз областындагы бардык кеңеш чарба, кооператив мекемелерине багытталган ачык кат жарыяланган. Ага обком партиянын жооптуу катчысы Узюков, үгүтнасыят бөлүмүнүн башчысы Т.Айтматов жана басма бөлүмүнүн башчысы Телегин кол коюшкан. Ачык каттын текстинде мындай деп жазылган:

“Көбүнчө биздин артта калган кыргыз облусунда калкты маданият, саясат жагынан агартып, көтөрүү – негизги милдеттердин бири. Экинчиден, биздин чарба, кеперетив түзүшүбүзгө биринчи болуп жардам көрсөтүүчү – гезит. Анын ушундай чоң маанисин эске алып, гезитти айылкыштак жерлерине кеңири таркатуу – эң зарыл милдет болуп олтурат. “Эркин Тоо” менен “Дыйкан жолу” гезиттеринин өкүлдөрүнө жардам берип, алардын гезит

таркатуудагы иштерине ар дайым чоң көңүл буруп, гезиттерге жазылуучуларды көбүрөөк табууга милдеттүүбүз. Облустук партия комитеттери, бардык чарба уюмдары, кесипчилер жана комсомол уюмдары бул ишке чындап киришип, эмгекчил дыйкандардын кеңири катмарына гезиттерди көбүрөөк таркатуу боюнча бардык иштерди жандандырышат деп ишенебиз...”

Төрөкул Айтматов ал учурда 5 миң жазылуучуну жыйнап, гезиттин нускасын 10 миңге жеткирүү маселесин койгон. “Эркин Тоо” гезитинин биринчи саны 1000 нуска менен чыккан. Бир жылдан кийин аны 10 миң нускага жеткирүү талабы чоң эмгекти талап кылган. Ал учурда “Эркин Тоонун” бир жылдык жазылуу баасы 6 сом, жарым жылга 3 сом 20 тыйын, 3 айга 1 сом 65 тыйын болгон.

“Интергельпо” деген сөз эсперанто тилинен алынган, “өз ара жардам” дегенди түшүндүрөт. 1920-жылы Чехословакиянын жумушчулары тарабынан түзүлгөн кооперативге ушул “Интергельпо” аты коюлган. Кооперативди Рудольф Маречек деген чех коммунист түзгөн. Ушул интергельпочулар 1925-жылдын 24-апрель күнү Пишпекке келген. Чехословакия пролетарларынын бул бөлүгү Чехословакия социал-фашисттеринин эзүүсүнө чыдай албай Кеңештер союзуна жөнөй турган вагондорго түшүп, 133 жумушчу үй-бүлө мүчөлөрү Фрунзеге көчүп келген. Чехословакия качкындарынын биринчи поезди жөнөй берээрде Чехословакия байлары ызы-чуу чыгарып, ал революциялык митингге айланган. Качкындарды узаткан башка жумушчулар “СССРге бараарыңар менен биздин туугандык, пролетарчыл саламыбызды айткыла”, - дешкен.

Чехтер жана словактар келери менен Кыргыз обкомунун жергиликтүү өкмөтү курулуш үчүн 60 гектар, айыл чарбасы үчүн 250 гектар жер берген. Ошол эле жылы алардын чакыруусу менен интергельпочулардын экинчи тобу келген. Интергельпочулар Пишпекте механика устаканаларын, эт комбинатын, мамлекеттик тегирмендерди, булгаары заводун, сукно фабрикасын, курулуш цехтерин курушкан. Алар 50 га жерге жашылча-жемиштерди өстүрүшүп, 225 га жерге дан айдашкан. Интергельпо коллективи 22 үй курган. Алардын ар биринде төрттөн квартира болгон. Квартираларына электр жана радио орнотулган. Алар 1930-жылы 1000 кишилик клуб курушуп, маданиятка, билимге зор маани беришкен. Бардык балдары мектепте окушкан. Кыргыз тилин тез үйрөнүшкөн. Чех жана словак жумушчулары өз эмгеги менен жашоолорун камчыга салдырбай тың жашап, көп ийгиликтерге жетишкен. Боордошторунун жашоо-турмушун жазуу үчүн атайын эки жолу келген журналист Юлиус Фучик кыргыз эли, элдин меймандостугу жөнүндө очерктерди жазган.

“Кызыл Кыргызстан” гезити чех-словак жумушчуларынын жашоосу, иши тууралуу тынбай чагылдырып турган.

1924-жылы РСФСР курамында Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөн. 1926-жылы Кыргыз автономиялуу областы автономиялуу республикага айланган. 1936-жылы союздук республика болгон. Тарыхый окуялардын баарын “Эркин Тоо”, “Кызыл Кыргызстан” гезити өз бетинде тынбай чагылдырып келген.

Гезиттин бетине “Ленинчил жаш”, “Чалкан” аталышында жаштар үчүн сатиралык бурч (рубрика) иштеп, кийин алар өзүнчө гезит, журнал болуп бөлүнгөн.

Абдыкадыр Орозбеков Кыргызстан автономиялуу республика болгон 1926-жылдан тартып, өзүнчө союздук республикага айланган 1936-жылга чейин Кыргыз АССР Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы болуп 10 жыл иштеген. Ал мамлекеттүүлүктү түптөөдө көрүнүктүү көптөгөн иштерди жасаган.

Ошол кездерде кыргыз эл акыны Темиркул Үмөталиев Абдыкадыр Орозбековго арнаган ырларын чыгарган. Бир ырында ал мындай деген:

...Дырылдатып мотоцикл ойнотуп,
Фрунзенин чаң көчөсүн
Тар көчөсүн ойготуп.
Көп эшиктин алдынан өтөөр эле,
Таң атканын кабарлап кетээр эле.
Жумушчулар жумушка бара жаткан,
“Орозбеков аксакал!” – дешээр эле.

Гезит азыр да көтөрүлүп келаткан маселелерди ошондо эле көтөрүп, элге жарыялаган. Мисалы, аялдар тууралуу макалада мындай деп жазылган:

“1-ноябрда Ош шаарында биринчи мертебе аялдар конференциясы болуп, 80дей аял катышты. Конференция, октябрь өзгөрүшү жүзөгө чыгарган максат, тилектери аягына чыкканча ишке ашыруу урааны менен өттү.

Өздөрүнүн чыгарган токтомдорунда мусулман эмгекчил аялдар союз кошчу кесипчилер уюму сабатсыздыкты бүтүрүү мектептерине киргизүүлөрүн талап кылат.

Бойго жетпеген кыздарды алып, көп катындык тууралуу закүндөрдү чыгарган адамдарды жоопко тартууларын талап кылабыз”. Аялдар бөлүмүнүн башчысы: Праздникова

Ошол кезде эле айтылган аялдардын укугун коргоо, көп аял алуучулукка каршы чыгуу, балдардын сабатсыздыгын жоюу маселеси азыр да актуалдуу.

“…Элибиздин, өзгөчө кыргыз жаштарынын окуп билим алууга болгон умтулуулары күндөн күнгө өсө берди. Муну ошол жыйырманчы жылдардын орто ченинде алыскы Караколдун интернатында тарбияланып жаткан Мукай Элебаевдин зар какшап окууну эңсеген ырынан ачык-айкын байкоого болот. 1925-жылы 16-февралда “Эркин Тоодо” жарыяланган “Зарыгам” деген ырында ал мындай дейт:

Таңды-кеч ойлоп талыгам,
Талыкшып жаным тарыгам.
Амалым жок, кол кыска
Ойлонуп жатып зарыгам.
Канткенде табам амалын,
Көкүрөктө жаранын?..

1926-жылы Баку шаарында алгачкы Түркологдордун сьезди болуп өтөт. Аталган съездде колдонуудагы арап алфавитин латын алфавитине өткөрүү тууралуу чечим кабыл алынат. 1927-жылдан баштап «Эркин-Тоо» гезити өзгөчө Касым Тыныстановдун редакторлугу астында латын арибине акырындык менен өтө баштаган. Гезиттерди барактап карасак, кабарлар, макалалар латын тамгасында, араб арибинде аралаш жазылган. Алгач биринчи беттеги башкы темалар, айрым маалыматтар араб арибинде, калгандары латын тамгасында чыгып турган. Гезиттин латын алфавитине толук өтүүсү 1930-жылдарда гана ишке ашкан. Бул учурда «Эркин-Тоо» гезити «Кызыл Кыргызстан» деп атала баштаган.

…”Жер-жерлерде кат сабаттуу жаштар “Эркин Тоонун” көрөгөч көзү, сергек кулагы болуп калышты. 1925-жылы 5-майда “Эркин Тоо” өзүнүн бир бетин “Тоо жаштары” деген тема менен чыгарды. Анда: “Ленинчил жаштарга”, “Жаштар, мектеп жана өнөр”, “Кыздардын турмушу”, “Жетим, жалчы балдарга назар салынсын” деген макала-кабарларды, Мукай Элебаевдин “Жүрөлү жаштар” деген ырын окууга болот… Ушинтип ”Эркин Тоо”, Кыргызстан жаштарынын газетасы “Ленинчил Жаштын” бешигин өз колу менен бөлөп, өзүнүн камкордук канатынын астында алпештеп өстүрдү. Андан “Ленинчил жаш” гезити чыкты. “Эркин Тоо” менен “Ленинчил жаш” газеталарында “Чалкан” жана “Шибеге” бөлүмдөрү пайда болгон күндөн баштап эски салттарды, “чылыктар” менен “былыктарды” сынга алып, жаңы турмуштун жаркын сапарына жол ачуу ого бетер күч алды”.

Кийин бул бөлүмдөр өз алдынча гезит-журнал болуп чыгышкан. Гезиттин өзүнөн кийинки чыккан басылмаларга тийгизген таасири өтө зор болгон.

Жаңы мектептер ачылып, эне тилде биринчи жолу сабак бериле баштаганы менен окуу куралдары жетишсиз эле. Андыктан, мугалимдердин колундагы негизги окуу куралы “Эркин Тоо” болгон.

Газета жаңыдан кат таанып, сабатын жоюп жаткан эл үчүн өзгөчө билим алуусуна, дүйнө таануусуна чоң роль ойногон. Көпчүлүк гезиттин чыгышын чыдамсыздык менен күткөн, эжелеп окушкан, окуй албагандары кат тааный алган балдарына окутуп, жаңылыктарды угушкан.

Буржуазиялык тап күрөшү күч алып турган ошол мезгилде жаңы түзүлүп жаткан советтик коомго баш ийбей, эл эки катмарга бөлүнүп турган. Бул учурда газетанын кабарчылары жазган кабарлары үчүн таяк жеген учурлары кездешкен. Ошондон улам гезитке маалымат жазган айрым авторлор өз аттарын жашырып, жашыруун ат (псевдоним) менен жазуу ыкмасына өтүшкөн.

Саясий жагынан алганда “Эркин Тоо” гезитинин салмагы сайдын ташындай оор болгон. Советтик коом жаңы түзүлүп жаткан учурда элдин аң-сезимин бир нукка буруп, идеология, пропаганда менен ээрчитип,

ошого тарбиялоо газетанын негизги жүгү болгон. Тамга тааныганы, маалымат алганы, жаңы жашоого бет алганы, келечекке умтулуусу бүт гезит аркылуу ишке ашып турган.

"Эркин Тоо" жаралган күнүнөн тартып советтик саясаттын абалы - тап күрөшү менен кармашууга ачык чыккан. Андыктан, кабарчылар Совет бийлигине жана анын жер-жерлердеги өкүлдөрүнө каршы аракет жасагандарды аёосуз сынга алган. Мындай олку-солку учурда кабарчыларды ур-токмокко алуулар күчөгөн. Ошол себептүү кабарчылар өз аттарын жашырып, лакап ат менен жаза баштаган.

Өлкөбүздүн басып өткөн жолундагы ар бир тарыхый окуя, Советтер Союзунун телчигүү учуру, элди билим алууга, эмгекке чакыруу, жаңы жашоого үндөө "Эркин Тоонун" ("Кызыл Кыргызстандын") башкы темасы болгон. Гезиттин орду, жер-жерлердеги кабарчыларынын кайраты, алардын тарткан азап-тозогу тууралуу М.Абдукаримов минтип жазган:

"Тап душмандары жөн жаткан жок. Алардын каары кайнап, айыл-кыштак кабарчыларын куугунтуктоолору дагы күчөдү. Бирок газеталар мындай учурлардын баарын тең ортого салып, душмандардын бетин ачуудан тайманбады.

Түп болушунда бай-манаптар "сен бизди газетага жазасың" дешип, кабарчы Бекташевди аябай сабашкан. Гүлчөдө кабарчы Акматовду адегенде өлөрчө токмоктошуп, анан ээн тамга камап коюшкан. Жети-Өгүз болушунда Сыдыкбек Чекиров деген манап жаш кабарчы Жамгырчиновду чала жан болгуча сабаган. "Түштүктүн түлкүлөрү" деген кабары үчүн кабарчы Жоомарт Бөкөнбөвди Оштун оёндору түрмөгө каматып коюуга чейин барышкан.

Айыл-кыштак кабарчыларына каршы мындай душмандык аракеттерди санай берсек эң эле көп. Мына ушуга байланыштуу 1926-жылы январь айында партиянын областтык комитети кабарчылардын укугун сактоо, аларга кол салуучуларды аёосуз жазалоо жөнүндө бардык партиялык уюмдарга жана сот-прокурор органдарына атайын кат менен кайрылды… Аалы Токомбаев "Кабарчыдан колуңду тарт" деген өтө чечкиндүү макала менен чыкты".

Мындай коркунучтан улам кабарчылар: Айткулу Убукеев – Кубатбек, Бөрү Кененсарин – Толкун, Кусейин Карасаев – Жаркын, Аалы Токомбаев – Балка, Зыяш Бектенов – Эркин баласы, Касымалы Жантөшев – Арсар, Кубанычбек Маликов – Чүй баласы, Ыбырай Тойчинов – Тоолук, Сыдык Карачев – Айкын, Токчоро Жолдошев – Кара булак, Касым Тыныстанов – Келгин деген жашыруун лакап аттары менен кабарларды жазышкан.

Биринчи редактор Осмонкул Алиевден кийин 1924-1927-жылдары гезитке Касым Тыныстанов, Шарип Көкөнов, Кайбылда Ибрагимов, Баялы Исакеев, Калим Рахматуллин жетекчилик кылышкан.

Гезиттин № 6 санында азыр да актуалдуу болуп жаткан кыргыз тил маселеси көтөрүлгөн. Бул санда "Кыргыз өкүмөтүнүн өлкөсүндө кыргыз тили болсун!" деген макала жарык көргөн. Анда карапайым калктын маселесин чечүүдө кыргыз тилинин колдонулбай жаткандыгы бийлик менен элдин ортосундагы ажырымга алып келерин, мамлекеттик иш кагаздары болгон toktom, буйруктар орусча жазылып, анын түшүнүү үчүн жер-жерлерде котормочу издеп жүрүшкөнү тууралуу айтылган.

Бул жылдары Фрунзе шаарында Фучик, Панфилов парктары пайда боло баштаган. Буга байланыштуу "Эркин Тоо" гезити элибиздин социалдык-экономикалык турмушундагы орчундуу жаңылыктарды тынбай чагылдырып турган.

"…Ошо даңазалуу жыйырманчы-отузунчу жылдарда билек түрө көчөт сайып, Фучик, Панфилов атындагы парк-тар сыяктуу көлөкөсү көлкүгөн саябан чарбактарды, Отуз-Адыр, Чоң-Чүй каналдарын, Аламүдүн гидрокаскадын, Фрунзе-Рыбачье темир жолун жана башка толуп жаткан элдик курулуштарды жүзөгө ашырган кайраткерлик эмгектерин эстебей коюу мүмкүн эмес", - деген М.Абдукаримов.

1925-1926-жылдары Баялы Исакеев Москвадан партиялык кызматкерлердин бир жылдык курсун бүтүрөт. 1927-жылдын март айында "Эркин Тоо" гезитинин жооптуу редактору болуп дайындалып, бул ишин 1928-жылдын февралына чейин улантkan. Ушул учурда гезитке жарыяланган баш макала, докладдардан Исакеевдин эне тил байлыгын эркин колдонгон жогорку маданияттуу экенин байкоого болот.

1926-жылдын 28-октябрындагы № 119 санына Касым Тыныстан уулунун “Кыргызстанда жаңы тамга” деген макаласы жарык көргөн. Анда жаңы латын тамгасын окутуу боюнча Фрунзе, Ош, Караколдо ачылган курстарда канча адам окуганы кабарланган.

1926-жылдын 31-октябрындагы № 120 санына облустук билим комиссариаты кыргыздын элдик таланттары – комузчу, төкмөчү, кыякчы, чоорчу, манасчыларды чогултуп, алардын мурасын сактап калуу максатында атайын токтом кабыл алынганы боюнча маалымат басылган. Андан улам Токтогулдун, Караколдонун, Муратаалынын күүлөрү жазылып алынган.

1926-жылы ар улуттуу элдин жалпы саны эсептелген. Жашоочулардын жалпы саны 1926-жылы 1001,7 адам болгон. Шаарларда 122,3 адам 12,2 %ды түзсө, айылдарда 879,4 адам жашап, 87,4 %ды түзгөн.

Баялы Исакеев редакторлук кылып турган учурда гезиттин **1927-жылдын 16-ноябрындагы саны “Эркин Тоо” эмес, “Кызыл Кыргызстан” деген аталыш** менен басылып чыккан. Ушул санда “Кызыл-Кыя кени үчүн 225 миң сом берилди” деген аталышта “...Кыргыздын Маскөөдөгү өкүлү Кызыл-Кыя кенине акча берүү жөнүндөгү маселени кендин пайдасына чечтирип алды” деген маалымат басылган.

1927-жылдын 27-ноябрындагы гезиттин санына мындай дагы орчундуу маселе жазылган. Анын аталышы: “От араба жолу Рыбачьеге чейин узартылат. (Маскөөдөгү Кыргыз автономиялуу республикасынын дайым турган өкүлү Жакыппай уулу Жолдош менен сүйлөшүү)”:

“...Маскөөдө жогорку жол башчылык кылган мекемелер тарабынан кыргыз жалчыларына өнүм жана саясий жагынан маанилүү болгон маселе чечилди. Бул маселе от араба жолун салуу, от араба жолун Фрунзе шаарынан Токмокко, андан Рыбачьеге жеткирүү. Бул иш 1928-жылда киришип, ары чети беш жылдын ичинде Рыбачьеге жеткирилет...”

**Адабияттар:**


1. Орунбеков Б. “Эркин Тоо” гезитинин тарыхы (1924-2024-жылдар) биринчи китеп. – Бишкек, 2024
2. Орунбеков Б. “Эркин Тоо” гезитинин тарыхы (1924-2024-жылдар) экинчи китеп. – Бишкек, 2024
3. Октябрь революциясы: мезгил чакырыгы жана тарыхый эс-тутум. – Бишкек, 2025, -125-бет.
4. Тентимишев М. “Кыргыз Туусу” XXI кылым гезити”. – Бишкек, 2004
5. “Эркин Тоо”. 1926-жыл, 16-февраль, “Зарыгам” (ыр)
6. “Эркин Тоо” 1926-жыл, 28-октябрь “Кыргызстанда жаңы тамга” (текст): кабар
7. “Кызыл Кыргызстан” 1927-жыл 16-ноябрь “Кызыл-Кыя үчүн 225 миң сом берилди” (текст)
8. “Кызыл Кыргызстан” 1927-жыл, 27-ноябрь “От араба жолу Рыбачьеге чейин узартылат” (текст)